Алыс жүрсөм кайдасың деп,
Сагынаарым Ала-Тоо.
Жаз гүлүндөй жайнасын деп,
Жалынаарым Ала-Тоо.
Тандабадым мекенди,
Тагдырыма туш болдуң.
Кадырыңа жетемби?
Калкың үчүн кут болдуң.
Бабалар калтырган мурасым сен,
Бактыга талпынган кубатым сен.
Түйлатып жүрөктү Ала-Тоо,
Туу болуп өнөргө турасың сен.
Канат болуп учарыңа,
Кагылайын Ала-Тоо.
Жаштык болуп кучагыңа,
Жагылайын Ала-Тоо.
Көзүмдүн карасында,
Калкып дайым жүрөсүң.
Жалгандын арасында,
Жалгыз чындык бир өзүң.
Бактыга талпынаар кубатым сен,
Балама калтыраар мурасым сен.
Түйлатып жүрөктү Ала-Тоо,
Туу болуп өмүргө турасың сен.
Бабалар калтырган мурасым сен,
Бактыга талпынган кубатым сен.
Түйлатып жүрөктү Ала-Тоо,
Туу болуп өнөргө турасың сен.